**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОҢ РАЙОНУ**

**УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**

**УЛАХОЛСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН
IX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫ

2025-ж. 14-октябрь №64 ТОКТОМ

**Улахол айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелерин бекитүү жөнүндө**

---

Улахол айыл аймагында тышкы көрктөндүрүү, жолдорду, бак-дарактарды күтүү чөйрөсүндө ченемдерди жана талаптарды белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 «Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктураны түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө» Жарлыгын аткаруу үчүн, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 жана 34 беренелерине ылайык, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Улахол айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Улахол айылдык Кеңешинин 2025-жылдын 14-октябрындагы №64 токтому Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
3. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Бейшеев**